| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>НАРЫН ОБЛУСУ<br>ЖУМГАЛ РАЙОНУ<br>КУЙРУЧУК-КЫЗАРТ<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУЙРУЧУК-КЫЗАРТСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|

Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңешинин II-чакырылышынын
III-кезектеги сессиясынын
Токтому №4/9

2025-жылдын 27-марты Жаңы-Арык айылы

**Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылдагы кабыл алынган бюджетинен Куйручук-Кызарт айыл аймагынын ичине жарыктандыруу коюуга бөлүнгөн акча каражатынынын бир бөлүгүн Куйручук айылындагы спорт комплексине керектүү материал сатып алууга жылдыруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып, Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңешинин депутаттарынын билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кенеши, токтом кылат:

1. Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылдагы кабыл алынган бюджетинин 3112 беренесиндеги Куйручук-Кызарт айыл аймагынын ичине жарыктандыруу коюуга бөлүнгөн 2 316 563,85 (эки миллион үч жүз он алты миң беш жүз алтымыш үч сом 85 тыйын) сом акча каражатынын ичинен, 800 000 (сегиз жүз миң) сом акча каражаты Куйручук айылындагы спорт комплексине керектүү материал сатып алуу боюнча 3112 беренесине жылдырылсын;

2. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы К.Э.Жусуповго милдеттендирилсин.

Төрага: Уланбек уулу Жыргалбек